УДК: 635.652.2

# ТАЛАС ОБЛУСУНУН ДЫЙКАНДАРЫНА ТӨӨ БУУРЧАКТЫ ӨНДҮРҮҮДӨ МОБИЛДИК ТИРКЕМЕ АРКЫЛУУ КОЛДОО КӨРСӨТҮҮ

# ПОДДЕРЖКА ФЕРМЕРОВ ПРИ ВОЗДЕЛЫВАНИИ ФАСОЛИ ЧЕРЕЗ МОБИЛЬНОГО ПРИЛОЖЕНИЯ ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

# SUPPORT TO FARMERS IN CULTIVATION OF BEANS BY MOBILE APPLICATION OF THE TALAS REGION

**Койчуманов З.Т.**, б.и.к., доцент, Талас мамлекеттик университети, kzamirbek@yahoo.com

***Өзөк сөздөр:*** *Айыл чарба, дан-буурчактуу өсүмдүк (Төө буурчак), зыянкечтер, жэр семирткичтер, мобилдик тиркеме.*

**Аннотация**

*Кыргыз Республикасынын президенти Сооронбай Жээнбеков 2018-жылдын 9-октябрында Талас облусуна иш сапар менен келип, Ак-дөбө айылында төө буурчакты тазалоочу жана тангактоочу зоводдун ачылышында сөз сүйлөп, жылына 30дан ашык өлкөлөргө 90 миң тонна төө буурчак экспорттолуп, 70 млн. доллар (АКШ) киреше кирерин айтты. Өлкөбүздө экспорттоодо алдынкы көп киреше алып келген айыл чарба өсүмдүгү болуп төө буурчак саналат. Ошондой болсо да, дыйкандарда көйгөйлөр көп. Ошондуктан бул көйгөйлордү чечүү үчүн мобилдик тиркеме (заманбап технология) иштеп чыгуу зарылчылыгы келип чыкты жана бул тиркемени кадимки телефон аркылуу плей маркеттен көчүрүп алуу мүмкүнчүлүгү пайда болот да, ар бир адам (дыйкан) пайдалана алат. Мобилдик тиркеме (приложение) IT программистердин жардамы менен түзүлөт жана эң негизи маалыматтар киргизилет. Бул тиркеме жүктөөгө жана колдонууга абдан ыңгайлуу болушу зарыл. Бул тиркеме жалпы дыйкандар үчүн төө буурчакты туура агротехникалык ыкмаларды колдонуп, жогорку тушум алууга жана сатууга жардам берет деген ойдобуз.*

Кыргыз Республикасынын президенти Сооронбай Жээнбеков 2018-жылдын 9-октябрында Талас облусуна иш сапар менен келип, Ак-дөбө айылында төө буурчакты тазалоочу жана тангактоочу зоводдун ачылышында сөз сүйлөп, жылына 30дан ашык өлкөлөргө 90 миң тонна төө буурчак экспорттолуп, 70 млн. доллар (АКШ) киреше кирерин айтты. Өлкөбүздө экспорттоодо алдынкы көп киреше алып келген айыл чарба өсүмдүгү болуп төө буурчак саналат. Талас облусунда жылына 42800 гектарга төө буурчак өстүрүлөт, жалпы айдоо жердин 38%ы жана орточо түшүмдүүлүк 18,4 центнерди түзөт. Ошондой болсо да, дыйкандарда көйгөйлөр көп. Кыргыз Республикасында анын ичинде Талас облусунда дыйкандар төө буурчакты өндүрүүдө жана жогорку түшүм алууда туура агротехникалык ыкмаларды колдонууну толук өздөштүрө албай келишет. Ошондой эле, отоо чөптөр, төө буурчактын ооруулары, зыянкечтери менен кантип күрөшүү керек жана туура жер семирткичтерди колдонуу (нормалары) тууралуу маалыматтары аз жана сапаттуу үрөөндү табуунун көйгөйлөрү бар. Мындан тышкары, төө буурчакты сатууда жакынкы логистикалык борборлор кайда жайгашаары тууралуу да маалымат аз. Ошондуктан бул көйгөйлордү чечүү үчүн мобилдик тиркеме (заманбап технология) иштеп чыгуу зарылчылыгы келип чыкты жана бул тиркемени кадимки телефон аркылуу плей маркеттен көчүрүп алуу мүмкүнчүлүгү пайда болот да, ар бир адам (дыйкан) пайдалана алат. Мобилдик тиркеме (приложение) IT программистердин жардамы менен түзүлөт жана эң негизи маалыматтар киргизилет. Бул тиркеме жүктөөгө жана колдонууга абдан ыңгайлуу болушу зарыл. Бул тиркеме жалпы дыйкандар үчүн төө буурчакты туура агротехникалык ыкмаларды колдонуп, жогорку тушум алууга жана сатууга жардам берет деген ойдобуз.

Дагы көйгөйлөрдүн бири, төө буурчак монокультурага айланып калды. Жылда бир жерге кайталанып төө буурчак себилип келет, бул которулуштуруп айдоого каршы келет жана бактериялык, вирустук оорулардын күч алышына түрткү берет. Мындан тышкары, эгин талааларынын, техникалык культураларынын жана май берүүчү өсүмдүктөрүнүн саны жылдын жылга кыскаруусун байкоого болот.

Дүйнө жүзү боюнча 70 ке жакын өлкөдө төө буурчак өндүрүлөт, бирок көпчүлүк убакта ички керектөөгө гана. ФАОнун 2005-2009 жылдары маалыматы боюнча дүйнө жүзүндө төө буурчакты себүү аянты 25,0 - 29,0 млн. га. түзгөн. Ошондой эле, кийинки жылдары төө буурчактын түшүмдүүлүгүнүн жогорулагандыгы байкалган (2005 жылы) 7,1 ц/га дан (2009 жылы) 7,8 ц/га жеткен. 2009- жылы 2005 жылга салыштырмалуу 4,3% көп түшүм чогултулган. Бирок бул каралган мезгилдердеги эң максималдуу убак 2006-2007 жылдары 20,8 млн. га болгон, анткени ал жылдары аянттардын көбөйгөндүгүнүн негизинде. (Салыштыруу үчүн рекорддук түшүм 2003 жылы 23,9 млн. тонна чогултулган) [1].

Белгилей кетчу несе дүйнөдө төө буурчактын орточо түшүмдүүлүгү 7,0 - 15,0 ц/га түзөт, ал эми Кыргызстанда кээ бир сорттордун типтери 20,0 ц/га. жетет. Төө буурчакты өндүрүү боюнча дүйнөлүк лидерлер болуп Бразилия, Индия, Мьянма, АКШ, Кытай, Мексика, Танзани, Уганда жана башка өлкөлөр эсептелет. Алардын арасынан биринчиликти Индия менен Бразилия талашып келет, жаратылыш - климаттык шарттары жана территориясы, чоң-чоң аянттарда өстүрүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар. 2008 жылы төө буурчакты экспорттоо структурасында алдыңкы позицияны бул өлкөлөр ээлешет. Кытай (959,8 миң.тонна), Мьянма (674,0 миң тонна), АКШ (415,3 миң.тонна). Кыргызстан да бул рынокто өзүнүн ордун тапты. ФАОнун маалыматы боюнча 2008 жылы Кыргызстан 33,5 миң тонна төө буурчак экспорттогон жана экспорттоп келе жаткан өлкөлөрдүн арасынан 14 орунду ээлеген [1].

2019-жылы «Региондорду өнүктүрүү жана санариптештирүү» жылы деп жарыялангандыгына байланыштуу өлкөбуздогу айыл чарба продукцияларыбызды жаны технологиялардын жардамы менен мүмкүн болушунча түшүмдүүлүгүн жана сапатын жогорулатып жана экспорттун талаптарына жооп берээрлик кылып өндүрүшүбүз керек. Талас облусунда негизи айыл чарба продукциясы жана негизги киреше төө буурчак болгондуктан, биз бул тармакты дагы да өнүктүрүп, жогорку денгээлге чыгаруубуз зарыл. Аны учун биз дыйкандарга масстер-класстарды, семинарларды жана жолугушууларды тез-тез өткөрүшүбүз керек. Себеби, маалымат алуудан дыйкандар кемчиликтерин эске алышып кийинки жылдары кайталабай, түшүмдүүлүктөрүн дагы жогорулатууга кам көрүшмөк. Ошол себептен, биз маалымат берүүнүн заманбап жана эффективдүү жолу деп кадимки ар бир адам (дыйкан) колдонуп (күнүмдүк жашоодо) жүргөн мобилдик телефондогу тиркеме (приложение) аркылуу маалымат таратууну туура көрдүк. Себеби, замандын талабы болгон жаны технология аркылуу маалымат берүү жеткиликтүү жана ынгайлуу болмокчу. Мындай практика Кыргызстандын башка айыл чарба продукцияларында мобилдик тиркемелер иштелип чыгып иштеп жатат. Мисалы: томаттын, бадырандын, жүгөрүнүн, жүзүмдүн, капустанын, кара карагаттын, теплица жемиштеринин жана тоют осүмдүктөрүнүн мобилдик тикемелери бар http://apps.agroinform.asia/. Бул мобилдик тиркемелеринин жакшы жактары болуп маалымат кыргыз тилинде, маалыматтын тактыгында (илимий жактан), мисалы сапаттуу үрөөндү кайдан алууга болот, зыянкечтер, оорулар жана отоо чөптөр менен эффективдүү күрөшүү жолдору, жер семирткичтерди кайдан алуу жана канча (норма) себүү керек экенин, препараттарды туура колдонуу, аба ырыйы, сатып алуучулар, кредиттик мекемелер тууралуу жана төө буурчактын базар бааларын да билүүгө болот. Андан тышкары бул мобилдик тиркемелер интернет өчүк «офлайн» учурда да иштей алат, Бул мобилдик тиркеме дыйкандар үчүн эң керектүү маалымат булагы болуп эсептелинмек. Себеби, дыйкандардын ишин алда канча женилдетмек. Ошондой эле, бул тиркемеге поставщиктердин маалыматы да кирет: алар агродүкөндөр болуп саналат. Жана эң негизгиси бул тиркеме аркылуу тазалоочу, тангактоочу жана кайра иштетуучү компаниялар менен байлынышууга да мүмкүнчүлүк түзүлмөк.

Бул мобилдик тиркемени иштеп чыгууда негизги кадамдар: Талас облусундагы төрт райондон: Талас району, Бакай-ата району, Кара-Буура району жана Манас районунан маалымат чогултуу. Бул маалымат негизинен төмөнкү суроолорго жооп берилиши керек: Райондо канча айыл чарба жери бар (га), анын ичинен айдоо жана кайракы жерлер (га менен жана пайыз менен), андан тышкары, төө буурчактын кайсы түрүнөн (сортунан) себишет жана канча центнерден тушум алышат, которулуштуруп айдоо ыкмасын колдонушабы. Отоо чөптөрдүн кайсы түрлөрү бар жана алар менен кантип күрөшүшөт. Төө буурчактын зыянкечтеринин кайсы түрлөрү бар жана алардан кантип арыласынар. Төө буурчактын кайсы оорулары жайылууда жана кантип дарылоо иштерин жүргүзүп жатасынар. Үрөөндөрдү кайдан алып жатасынар жана бул үрөөндөр сизди канааттандырабы? Алынган түшүмдөрдү кайда сатып жатасыздар, канчадан жана бул баа сизди канааттандырабы? Жер семирткич колдоносунарбы? Колдонсонор кайсы түрүнөн: органикалык (кыктанбы) же минералдык жер семирткичтерденби? Райондо логистикалык борборлор же тоо буурчакты тазалоочу жана кайра иштетүүчү иш-каналарынар барбы? Мобилдик телефонунуз барбы жана мобилдик тиркемелерди колдоносузбу? Эгер төө буурчакты туура өндүрүү жана кайда сатуу тууралуу мобилдик тиркеме иштелип чыкса колдоноор беленер? Деген жана башка суроолорго маалымат чогултулмак.

Андан тышкары, алынган жалпы маалыматтардын негизинде адистер менен биргеликте анализденип, дыйкандар жана ишкерлер үчүн эң керектүү маамалымат топтому жана практикалык сунуштамалар (рекомендациялар) даярдалат.

Ошондой эле, даярдалган маалымат IT программистерге келишимдин негизинде берилип, мобилдик тиркемени иштеп чыгууга буйрутма берилет. Бул мобилдик тиркеме плей маркет (андроид) форматтарында мамлекеттик тилде дайындалышы керек.

Иштелип, дайындалган мобилдик тиркемени коомчулукка жайылтуу массалык маалыматтар (телевидение, радио, газета жана интернет, социалдык тармактар) аркылуу таратылышы керек. Бул мобилдик тиркеме мезгил мезгили менен түзүүчүлөр аркылуу жаныланып, маалыматтар толукталык жана алмашып турушу керек. Мобилдик тиркеме продукция болуп саналып, коомго (дыйкандарга жана ишкерлерге) коп пайдасын алып келет деген чоң ишенимдебиз.

Төө буурчакты мобилдик тиркеме аркылуу түшүмдүүлүгүн жогорулатуу жана дыйкандарды сапаттуу үрөөндөр, жер семирткичтер жана препараттар менен камсыз кылуу республикабыздын экономикасынын өсүп-өнүгшүнө чоң түркү болмок. Мындан тышкары, азыркы экологиялык көйгөйлөрдүн бири болгон климаттын өзгөрүүсүнүн натыйжасында көптөгөн өлкөлөрдө азык-тулук коопсуздугу курч туруп жаткан учур. Өзүнүздөр билгендей, төө бурчактан көптөгөн азык-тулук продукциялары чыккандыктан кандайдыр бир денгээлде дүйнөлүк азык-түлүк жетишпөө кризисин чечүүгө жардам болуп жатат. Анын үстүнө, төө буурчактын жогорку түшүм алуусуна өтө сапаттуу «семиз» жердин да болушу зарыл эмес. Эң незизгиси, зыянкечтерден, ооруларынан, отоо чөптөрдөн, керектүү микро-макро элементтердин болушу жана убагында суугаруу зарыл.

**Жыйынтыгы**

Төө буурчакты өндүрүүчүлөрдүн жана ишкерлердин маалымат топтому (база данных) түзүлүп СМС маалымдоо ишке кириши керек жана мобилдик тиркеме иштеп чыгуу боюнча IT адистер менен сүйлөшүүлөр жүргузүлүп, кам көрүлушу керек. Бул инновациялык продукцияны патентөөгө да болот. Бул өлкөбүздүн айыл чарбасынын осүшүнө жана элибиздин сойиалдык-экономикалык абалынын жакшырышына чон түрткү болот деген ойдобуз. Ошондуктан, төө буурчактын пайдалуу касиетин билип, жергиликтүү компаниялар ички рынокту өстүрүүнү колго алуусу керек. Бул үчүн, албетте, ата мекендик фермерлер тарабынан экологиялык таза шартта өстүргөн төө буурчакты ички рынокто колдонууга киргизүү боюнча иш кылуу керек, төө буурчактын баалуу жана берекелүү продукция катары маркетингин жылдырыш зарыл, ошондой эле төө буурчактын рекламалоо, мисалы, төө буурчактан жасала турган тамактын рецебин иштеп чыгуу. Мунун менен, республиканын

ичинде төө буурчактын рыногун өнүктүрүү керек, аны менен бирге төө буурчак продукциясын кайра иштетүүчү өндүрүшүн жөнгө салуу керек, анткени келечекте тиешелүү дүйнөлүк стандарттагы (ISO ж.б.) сапатка жетсек белгилүү таанымал бренд болуп калабыз, ошондой эле СНГ жана алыскы чет өлкөлөрдүн рыногуна чыгууга болот [1].

Мунун негизинде, тапшырып өткөргөн тизмекте ички рынок сыяктуу белгилүү катышуучу пайда болмок, ага көптөгөн звенолордон, фермер-өндүрүүчүдөн, супермаркет жана ресторан бизнесине чейин кошулмак.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасында төө буурчакты ондуруучунун жана экспортоочунун колдонмо китепчеси. Бишкек 2011ж.


**Рецензент:** Ташибекова, к.б.н., доцент ТалГУ